***Аттокурова Чынар Амановна***
***улук илимий кызматкер***
***Кыргыз билим берүү академиясы***

# БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ ДИФФЕРЕНЦИРЛЕП ОКУТУУ КАНДАЙЧА ИШКЕ АШАТ?

***Аттокурова Чынар Амановна***
***старший научный сотрудник***
***Кыргызская академия образования***

# КАК РЕАЛИЗУЕТСЯ ДИФФЕРЕНЦИРОВАННОЕ ОБУЧЕНИЕ В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ?

***Attokurova Chynar Amanovna***
***Senior Researcher***
***Kyrgyz Academy of Education***

# HOW TO IMPLEMENT DIFFERENTIATED INSTRUCTION IN THE ELEMENTARY SCHOOL?

***Аннотация:*** *Аталган макаладан, окуу процессин жакшыртуу, кенже окуучунун предметтик компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында дифференцирленген окутуунун формаларын, методдорун колдонуу менен мугалим өз практикасында чеберчилигин тереңдетүүгө багыт алат. Ошондой эле топторду түзүүнүн формаларын, колдонулуучу тапшырмалардын дифференцирлөөнүн жолдору каралат. Ички жана тышкы дифференцирлөөнүн жолдору, практикада кандайча колдонулары, окуучунун кызыкчылыктары, мүмкүнчүлүктөрү эске алынып, деңгээлдүү топтордо иш аракеттерди уюштуруу, ишке ашыруу жөнүндө сөз болот.*

***Аннотация:*** *В статье раскрываются вопросы, связанные с развитием и улучшением учебного процесса, а также формирование предметных компетентностей и использование дифференцированных форм обучения учащихся начальных классов. А также, рассматриваются способы формирования групп и дифференцирования заданий. Говорится о способах внутреннего и внешнего дифференцирования, об использовании на практике принимая во внимание возможности и интересы младших школьников в уровневых группах, организация и реализация активных форм обучения.*

***Annotation****: The article reveals issues related to the development and improvement of the educational process and the formation of subject competences and the use of differentiated forms of learning of primary school students. And also discusses how the formation of groups and the differentiation of tasks, and discusses how internal and external differentiation, the use in practice, taking into account the possibilities and interests of younger students in tiered groups, organization and implementation of active forms of learning.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *дифференцирленген окутуу, дифференцирленген окутуу формалары, дифференцирленген топтор,*

*деңгээлдик топтор, ички жана тышкы дифференцирлөө.*

***Ключевые слова:*** *дифференцированное обучение, формы дифференцированного обучения, дифференцированные группы, группы по уровням, внутренняя и внешняя дифференциация.*

***Key words:*** *differentiated instruction, differentiated instruction forms, differentiated groups, according to levels of internal and external differentiation.*

КРнын билим берүү системасы азыркы учурда 1) «Инсанга багытталган окутуу» шартында; 2) Интерактивдүү окутуунун метод, ыкмаларын колдонуп; 3) окуучунун активдүүлүгүн күчөтүү максатында иш жүргүзүп келет.

«Инсанга багыттап билим берүү» же инсандын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алып окутуу боюнча төмөнкү талаптар чагылдырылат:

- Билим берүүнүн негизги баалуулугу деп инсандын оригиналдуулугу, өзгөчөлүгү, кайталангыс уникалдуулугу боюнча жеке индивидум катары калыптанып жаралышын кабыл алуу, таануу;
- Дифференцирленген, ар түрдүү деңгээлдеги окутууну ишке ашырууга керектүү билим берүүнүн формаларынын болушу;
- Ар бир окуучуга анын жеке бөтөнчөлүктөрүн, турмуштук баалуулуктарын, умтулууларынын негизинде өзүнүн өнүгүү жолун өзү тандап алууга укуктун берилиши [1].

Инсанга багыттап билим берүүдө баалуулуктарга жетишүү маанилүү, негизгиси «Ким болуу керек?», «Кандай болуу керек?» деген суроого татыктуу жооп бергидей сабакты уюштуруу керек.

«Инсанга багыттап окутууда» ар бир окуучунун кайталангыс экендиги төмөнкү параметрлер аркылуу аныкталат:

- Баланын таанып-билүүчүлүк тажрыйбасынын мазмунун аныктоо;
- Окуу материалынын мазмунун, сабактын түрүн, уюштуруу формасын, окуучунун кызыгуусун эске алуу;
- Программалык материалды баланын өз каалоосу менен үйрөнүү жолдорун тандап алуусуна мүмкүнчүлүк берүү; сабактын формасын, жооп берүүнүн тартибин, мүнөзүн өзү тандап алуусу;
- Күтүлүүчү натыйжанын мазмунун, андагы баланын ой жүгүртүүсүн, жараткан чыгармасын баалоо.

И. Бекбоев дифференциялуу окутуунун төмөнкү чараларын бөлүп көрсөтөт:

1. Начар окуган окуучулардан окуу материалдарын суроо учурундагы дифференциялдуу мамиле кылуунун чаралары;
2. Начар окуган окуучуларга жалпы окуу материалдарын окуп үйрөнүү процессинде дифференциялдуу мамиле кылуунун чаралары;
3. Начар окуган окуучуларга сабакты өз алдынча иштөөнү уюштурууда дифференциялдуу мамиле кылуунун чаралары;
4. Начар окуган окуучуларга үйгө тапшырма берүүдө дифференциялдуу мамиле кылуунун чаралары [1].

Окумуштуулардан Е.С.Рабунский, И.С.Якиманская, А.А. Кирсановдор окуучуларды жеке өзгөчөлүгүнө карай бирдей деңгээлдеги топторго бөлүп окутууну, У.Д.Розенталь окуучуларды жөндөмдүүлүгүнө карата дифференцирлеп окутууну, М.А.Мельникова, Н.М. Шахмаевдер кызыгуусу боюнча бирдей деңгээлдеги топтук дифференцирлеп окутууда окуучулардын шыгы, таланты, кызыгуусу өнүгүп өсүү менен эмгекке, кесипке багыттоого шарт түзүлөрүн изилдөөлөрдө аныкташат, [2].

Ал эми Л.В. Занков ж.б. окумуштуулар баланы ар тараптуу өнүктүрүү үчүн, ар кандай деңгээлдеги окутууну уюштуруу туура

деп эсептешет [3]. Түрдүү деңгээлдеги жана бирдей деңгээлдеги окуучуларды дифференцирлеп окутууда бир катар көйгөйлөр жаралат: ар бир деңгээл боюнча окуу программасын, окуу материалдарын иштеп чыгып, колдонуу талап кылынат. Мында окуучулар бир нече топторго бөлүнөт.

Дифференцирлеп окутууну төмөндөгүчө бөлөт:

- тапшырманын татаалдыгына карата дифференцирлөө;
- тапшырманын көлөмүнө карата дифференцирлөө;
- тапшырманы аткаруу убактысына карата дифференцирлөө;
- окуучулардын өз алдынча иштөөсү боюнча дифференцирлөө.

КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы «Билим берүү секторундагы реформаны колдоо» долбоору уюштурган «Башталгыч мектеп үчүн билим берүү стандарттары» боюнча жер-жерлердеги семинар-тренингдерде дифференцирлеп окутууну уюштуруу жана ишке ашыруу иши практика жүзүндө колдонулду. Анда, дифференцирлеп окутуу жана аны уюштуруу формалары боюнча мектеп мугалимдеринин 80% зы анын зарылдыгын, артыкчылыгын, калган 20% зы кандайдыр бир чочулоо менен аны терс көрүнүш катары кабыл алганы белгилүү болду. Тажрыйбалуу мугалимдер өз сабактарында тапшырмаларды А, В, С деңгээлге, кээ бир мугалимдер жашыл, кызыл, сары түстөргө; беш бурчтук, төрт бурчтук, үч бурчтуктарга; Манас, Семетей, Сейтекке бөлөөрү белгилүү болду. Балдар мугалимдин аныктоосу боюнча гана, шарттуу түрдө ошондой топторго бөлүнөт жана аларга ылайыкталган тапшырмаларды аткарышары (Ош областынан Алай, Кара-Суу, Кара Кулжа райондору, Чүй областынан Ысык-Ата, Чүй, Сокулук, Жайыл райондору, Нарын областынын Кочкор, Нарын райондору, Талас областынан Манас району) белгилүү болду. Бирок, шарттуу түрдө бөлүнүп берилген тапшырмалардын жыйынтыгы кандай? Ал жыйынтыктын негизинде эмне иш аракет жасалат? Күтүлүүчү натыйжага бардык деңгээлдеги окуучулар жете алдыбы? ж.б. суроолор жоопсуз калууда. Окуучулардын кандайдыр бир бөлүгүндө билимдин калыптанышы, кээ бирлеринде билгичтиктин пайда болушу аныкталбай, андан ары кандай иш алып баруу керектиги мугалимди түйшөлтпөй тургандыгы айдан ачык.

Башталгыч мектепте кенже окуучуларды түрдүү деңгээлде окутуу жакшы жыйынтык берет деген ойго кошулабыз. Мугалим үчүн инсандык сапаттарды өнүктүрүүдө түрдүү деңгээлдеги окуучулары бар класстар артыкчылыкка ээ болушат [5]. Анткени, окуучуларды деңгээлдерге бөлүп окутууда, аларга өз деңгээли айтылбай, тапшырмалар берилет. Бул учурда окуучуларды улам жогорку деңгээлге алып чыгууга милдеттүү экенин баардык эле мугалимдер биле бербейт.

Инсанга багыттап окутуунун ***талаптары*** төмөнкүлөр:

1) билим берүүнүн негизги баалуулугу – бул инсандын оригиналдуулугу, өзүнчөлүгү жана кайталангыс уникалдуулугу;

2) дифференцирленген, түрдүү деңгээлдеги окутууну ишке ашырууга керектүү билим берүүнүн формалары менен камсыздоо;

3) ар бир окуучунун жеке өзгөчөлүктөрүнүн, турмуштук баалуулуктарынын, умтулууларынын негизинде өзүнүн өнүгүү жолун тандоого укуктуу [1].

Инсанга багыттап окутуу сабагын уюштурууда, мугалим окуучулардын ар биринин мүмкүнчүлүктөрү, кызыгуулары, деңгээли эске алынып окутуусу зарыл. Сабактагы окуу материалы дифференцирленбей, ар бир окуучунун жөндөмүнө карай тапшырмаларды дифференцирлеп берүүсү маанилүү.

*Окуучуларга жеке мамиле жасоо* – сабакта окуучулардын айрым топторунун мүнөз-

дөрүнүн окшоштугун, *инсандын жеке өзүнө багыттап окутуу* - ар бир окуучунун мүмкүнчүлүктөрүн, жөндөмдүүлүктөрүн эске алууну түшүндүрөт.

Жалпы билим берүүчү мектептерде бирдей окуу пландары, окуу программалары, окуу китептери жана окуу куралдары менен окутулат. Бул учурда баланын тубаса жөндөмдүүлүгү, кызыкчылыгы, кабыл алуусу, өсүү деңгээли, турмуштук тажрыйбасы жана жеке же алардын бир нечеси түзгөн топтун өзгөчөлүктөрү эске алынбай келет.

Окуучулардын типтүү айырмачылыктарын эске алуу менен мүнөздөлүүчү окуу-тарбиялоо процесс *дифференцирленген процесс* деп, ал эми мындай процесстеги окутуу - *дифференцирленген окутуу* деп аталат [2].

Окутууну дифференцирлөө менен окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн толук пайдаланган кезде гана балдардын жалпы өсүп-өнүгүү потенциалынын жогорку эффектиси болгон компетентүүлүккө жетишүүгө болот.

Окутууну дифференцирлөө боюнча эки түрдүү түшүнүк бар: *тышкы* жана *ички дифференцирлөө* [5].

*Тышкы дифференцирлөөдө* окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алып, атайын дифференцирленген окуу топторуна бөлүштүрүлөт, бул учурда атайын класстар, ал гана эмес атайын мектептер түзүлөт.

*Ички дифференцирлөө* окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен класста ишке ашырылат. Окуучулардын кабыл алуусу жана тажрыйбалары түрдүүчө: жакшы окуган окуучулар берилген тапшырмаларды *өз алдынча аткарат*, ортозаар окуучуларга *майдалап түшүндүрөт*, калгандарына тапшырмаларды чыгаруунун жолун түшүндүрмөйүнчө *чыгара алышпайт* ж.б.

*Ой жүгүртүүлөрүнө* карата окуучулар бири-биринен өтө айырмаланышат, жакшы окуган окуучулар начар окуучуларга караганда окуу материалын үч эсе тез кабыл алып түшүнө тургандыгы белгилүү [3, 4]. Ошого карабастан, мугалимдер окутуунун темпин «орточо» окуучуга ылайыктап уюштурат. Орточо окуучунун ой жүгүртүүсү, бүткүл класстын, ар бир окуучунун ишмердүүлүгү да критерий катары кабыл алынат. Мында кабыл алуусу бат, тез ойлонгон күчтүү окуучулар толук өсүп өнүгө алышпайт, алардын өсүшү жасалма түрдө жайлап, кээде токтоп калган учурлары болот. Орточо ойлонгон балдарга кеткен убакыт жай ойлонуп иштөөчү жана начар окуган балдарга жетишпейт. Ошондуктан, мындай окуучулар «эмгектенүүгө жөндөмсүзмүн, башкалардай иш аракеттерди аткаруу колумдан келбейт» деген ойго келишет. Мындай окуучуларды мугалимдер сабакты билбеген окуучуларга теңешет, «жалкоо», «окугусу келбеген» окуучу деп эсептейт.

Класста окуучулардын баарына бирдей эле тапшырма берилет. Берилген тапшырманы аткаруу үчүн жай ойлонуп иштөөчү окуучуларга кошумча убакыт берилет, мыкты окуучулардан, кошумча адабияттардан маалымат ала алат. Мугалим жай ойлонуп иштөөчү окуучуларга тез-тез жардам берип, кам көрөт. Бирок, билимдин бааланышы төмөндөтүлбөйт, баа же балл коюуда көрсөтүлгөн жардамдар жана жеңилдиктер мугалим тарабынан эске алынбайт.

Жалпы орто билим берүүчү мектептер үчүн окуу программасы, окуучуларга берилүүчү тапшырмалар бирдей болгондуктан, мында төмөнкү үч нерсе гана дифференцирленет:

- окуучулардын ишинин мазмуну,
- ишмердүүлүктү аткарганга кеткен ар бир окуучунун убактысы,
- окуучулардын изденүүлөрүнүн натыйжалары эске алуу менен баалоо.

Сабакты окуучулардын мүмкүнчүлүктөрүнө жараша *дифференцирлеп уюштуруунун эки формасы* колдонулат.

*1-формадагы кыйынчылыкты төмөндөтүүчү тапшырма*. Класска «Бир нече жол

менен татаал маселелерди чыгаруу» тапшырмасы берилет. Тапшырманын аткарылышы:

1) Жакшы окуган окуучулар тапшырманы өз алдынча аткарат,

2) Өз алдынча аткара албаган окуучуларга мугалим маселенин чыгарылыш жолдорун түшүндүрөт. Андан кийин дагы бир канча окуучулар өз алдынча иштөөгө киришет.

3) Анан мугалим жардамга муктаж болгон окуучулар менен бирдикте тапшырманы чогуу аткарат.

4) Ошондон кийин дагы, тапшырманы аткара албай калса, анда аларга тапшырмалардын чыгарылыштарын берип, аны менен тааныштырат.

*2-формадагы кыйынчылыктарды жогорулатуучу тапшырма*. Класска жеңил аткарылуучу *тапшырма* сунуш кылынат. Анын аткарылышы төмөнкүчө:

1) Тапшырманы туура аткарган окуучуларга мурункудан *татаалыраак деңгээлдеги тапшырма* берилет.

2) Бул убакытта тапшырманы аткара албай калган окуучуларга мугалим тиешелүү жардам көрсөтөт.

3) Ошол эле учурда кийинки тапшырманы да аткарган, даярдыктары эң мыкты окуучуларга *деңгээли жогору татаалдыктагы тапшырма* берилет.

Дифференцирленген окутуунун технологиясы азыркы учурдун талабына ылайык: жуптарда, (чакан, чоң) топтордо, коллективдүү окутуунун жолдору, активдүү окутуунун методдорун ичинде камтыйт [4]. Технологияларды колдонгондо, окуучулардын активдүүлүгү, жоопкерчилиги күчөйт, саны көп.

Сабакта окуучулардын өз алдынча иштөөсүн камсыз кылат. Жекечелештирүүнүн өз алдынча иштөө формасынын баалуулугу – мугалим тигил же бул окуучунун даярдыгынын деңгээлин атап көрсөтпөйт, ар бир окуучу тапшырманы өз каалоосу менен тандап алат [6]. Бирок, ар бир окуучу өзүнүн мүмкүнчүлүгүнө жараша мугалимдин тигил же бул деӊ гээлдеги тапшырмаларды сунуштоосу боюнча тандап алат. Бул формада окуучунун тандап алуусу маанилүү.

Окутууну дифференцирлөө максатында начар окуган окуучулар үчүн жалпы материалды кайталап түшүндүрүү, ошол тема боюнча жакшы окуган окуучулардын өз алдынча ишин татаалдаштыруу ыкмасы колдонулат. Сабакта жаңы материалды окуучулар жалпы үйрөнөт. Жакшы окуган окуучулар жаңы материалдын мазмунун толук түшүнгөндөн кийин, аларга мугалим өз алдынча тапшырма берет (китеп менен иштөө, тапшырмаларды аткаруу ж.б.у.с.), жаңы материалды калган окуучуларга түшүндүрүү ишин улантат. Окуу материалын орто окуган окуучулар түшүнүп, кабыл алгандан кийин, аларга өз алдынча тапшырма берет. Мугалим начар окуучулар менен бирдикте иштейт.

Азыркы учурда сабакты дифференцирлеп уюштуруунун бир нече формалары колдонулат, жазуу иштерин (мисалы, текшерүү иш) да дифференцирлеп өткөрүүгө болот.

Жыйынтыгында, окуучулар өздөрүнүн окуу мүмкүнчүлүктөрүнө, жөндөмдүүлүктөрүнө жараша типтүү окуу программадагы ар бир теманы ар түрдүү деңгээлде, ар түрдүү көлөмдө окуп үйрөнө алат: 1) жакшы окуган окуучулар окуу китебинен башка да кошумча илимий-популярдык адабияттардан пайдаланышат; 2) аракети жакшы окуучулар окуу китептеринен, андан тышкары методикалык колдонмолордон пайдаланышат, алардын 1) жана 2) учурда маалымат жана өз ишин уюштура алуу жана көйгөйлөрдү чечүү компетенттүүлүгү өнүгөт; 3) ортозар окуган окуучулар жалаң окуу китебинен пайдаланат. Алар берилген тема боюнча минималдуу милдеттүү болгон билимди алуу менен гана чектелишет, аны өз алдынча тереңдете да, кеңейте да алышпайт; 4) начар окуган окуучулар окуй албагандыктан, класста угуп көргөндөрү менен гана чектелет.

Мындан тема боюнча тапшырмаларды түрдүү топтогу окуучулардын мүмкүнчүлүктөрүнө ылайыктап, алардын ар бири кандайдыр иш аракет жасагандай түрдө уюштуруп өткөрүү талап кылат.

Жыйынтыктап айтканда, башталгыч мектептин мугалимдери:

1) дифференцирленген окутуу боюнча өз потенциалын жогорулатканда;

2) дифференцирлөөнүн формалары менен тапшырмаларын колдонууну адатка айландырганда;

3) дифференцирленген топтор арасында иш аракеттерди уюштуруп, күтүлүүчү натыйжага ээ болгондо;

4) дифференцирлеп окутуунун талаптарын жана жолдорун колдоно алганда;

5) окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрү, мүмкүнчүлүктөрү кызыкчылыктары боюнча деңгээлдик тапшырмалар жогорудагыдай тартипте уюштурулганда гана предметтер боюнча сапаттуу күтүлүүчү натыйжага ээ болоорубуз шексиз.

**Адабияттар:**


1. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. –Б. “Бийиктик”: 2011.
2. Осмоловская И. Как организовать дифференцированное обучение/И.Осмоловская; отв.ред. М.Ушакова. –М.:Сентябрь, 2002, –160 с.
3. Зимняя И.А. Педагогическая психология. Москва, 2008.
4. Никитина Л.Н. Технология дифференцированного обучения на уроках математики в начальной школе. ИНФОУРОК, 2016. https://infourok.ru
5. Калакуток М.А. Личностно-ориентированное обучение в начальной школе – путь повышения качества образования. 2015. http:/differentsirovannyiy-podhod-v-obuchenii-mladshih-shkolnikov
6. Грезина Н.И. Дифференцированное обучение в начальной школе. 2016. School46.tgl.ru.
7. Унт И.Э. Индивидуализация и дифференциация обучения.–М.: 1990.


***Рецензент: п.и.д., профессор Мааткеримов Н.О.***